М. Алыбаева, Т. Макеева

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ТОКТОГУЛДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ МУЗЫКА ДҮЙНӨСҮНДӨ

*Бул макалада акын Токтогулдун чыгармаларынын музыка дүйнөсүндө, анын ичинде операда алган орду белгиленет.*

Кыргыз элинин көркөм маданиятын туу туткан улуу адамдардын бири, ак таңдай акын, эл сүйгөн шайыр залкар комузчу, чебер аткаруучу Токтогул Сатылганов. Улуу демократ акын жана залкар музыкантка табигат көп кырдуу талантты берген. Акын канаттуу чыгармалары менен карапайым калктын ырын ырдап, күүсүн чалган. Ушундай улуу демократ акын, укмуштуу музыканттын өмүрүнө, чыгармачылы-гына арнап ырчылар, жазуучулар, драматургдар повесттерди, поэмаларды жана чоң көлөмдөгү музыкалык чыгармаларды жаратышты. Кыргыздын профессионалдык музыкасынын өнүгүп-өсүшүнө Токтогулдун музыкалык чыгармалары да эң чоң баалуу салымын кошкон. Кыргыз жана орус композиторлору Токтогулдун күүлөрүнө жана обондуу ырларына кайрылышып, аларды жөнөкөй ырдан татаал жанрдагы опералларга чейин пайдаланышкан. Алсак, орус композитору Н. Раков Токтогулдун классикалык күүлөрү менен обондорунун негизинде симфониясын жараткан (Симфония-оркестрге арналып жазылган, төрт бөлүмдөн турган көлөмдүү музыкалык чыгарма). Бул симфониянын өзөгүн залкар музыканттын «Кербез», «Тогуз кайрык», «Карылык», «Арман» деген күүлөрү түзүп, чыгарманын көркөм, кооз, уккулуктуу чыгышына жол ачкан. Композитор ар бир бөлүмдүн темпине, окуянын жигине жараша Токтогулдун күүлөрүн пайдаланган. Ал эми орус композитору В.Власовдун «Токтогул» аттуу симфониялык поэмасында акындын басып өткөн өмүр жолун баяндап, анын күлгүн чагындагы тарткан азабын камтыган «Туткун ыры» менен «Кербездерин» алат да, аны симфониялык кеңири өнүгүштө жазган. Акындын ак жерден Сибирге айдалып, эки көзүн жайнатып түрмөдө жатканына күбө болгон орус элинин обондору акындын кербездери менен кошо жаңырат. «Алтын кыз» музыкалуу драмасына «Элдин уулу», «Ак шумкар», «Көкүл», «Олжобай менен Кишимжан» опералларына жана «Анар», «Чолпон», «Селкинчек» балеттерине да Токто-гулдун классикалык обондору менен күүлөрү пайдаланылган. Композитор В. Фере «Улуу акынга» аттуу хорунда Токтогулдун элди эркиндикке, теңдикке чакырган жалындуу патриот акын экендигин баяндаган.

Кийинки жылдарда Токтогулдун өмүрүнө арналып жазылган көлөмдүү чыгармалардын ичинде М. Абдыраевдин «Токтогулга» аттуу күүсү менен «Токтогулдун мекенинде» деген кантатасы башкалардан өзүнчө айырмаланат (Кантата-солист, оркестр, хор үчүн жазылган, бир нече бөлүмдөн турган чыгарма). Композитор бул чыгармаларына да Токтогулдун обондорун, күүлөрүн негизги өзөк кылып алган. «Токтогулдун мекенинде» аттуу кантатасында улуу акындын киндик кесип, туулган жериндеги залкар өзгөрүштөрдү, ак эмгеги менен өсүп, өнгөн айылды көрккө бөлөп жаткан кужурмөндөрдүн эмгегин даңазалайт.

Кыргыз композиторлору элдин сүйүктүү акыны жана музыкантынын жаркын образын жалаң гана симфониялык жана башка жанрдагы чыгармаларда гана эмес, опера аркылуу да көрсөтө алышкан (Опера- оркестрдин коштоосунда текстти сүйлөбөстөн, ырдап аткарылуучу чыгарма). Токтогул жөнүндө үч опера жазылган. Алардын эң алгачкысы көрүүчүлөргө 1940-жылы тартууланат. Аны композитор Веприк, акын- драматург Ж. Бөкөнбаевдин либреттосуна жазган. Композитор бул операны жаратууда бир катар ийгиликтерге жетишкен, алып айтсак,

Токтогулдун жалгыз баласынын мүрзөсүндөгү ариясын чоң көркөм күч жана драматизм менен жазылган (Ария- түзүлүшү жагынан кеңири вокалдык чыгарма). Композитор «Токтогул» операсын жазууда акын-музыканттын обондоруна, күүлөрүнө кайрылуу менен бирге орустун революциялык ырларын да кеңири пайдаланган. Бирок операда кыргыздын тоо булбулу Токтогулдун мүнөзү жеткилең көрсөтүлүп берилбей калгандыктан, ал опера сахнадан бат эле түшүп калган. Чыгармачылык жактан көптөн бери биргелешип иштеп келе жаткан композиторлор А.Малдыбаев, В.Власов жана В.Фере акын-драматургдар Ж..Бөкөнбаев менен К.Маликовдун либреттосуна «Токтогул» операсын жазышкан (Либретто- операнын текстти, италия тилинен алынган). Операнын биринчи эле көрүнүшүндө суусу жок, тоолуу өрөөн, ага суу чыгарыш үчүн чекеден терин агызып, колдоруна кетмен-күрөк алышып, суу үчүн арык казышып, тиричиликтин камында жүргөн элдик сцена хор менен ачылат (Хор- бир нече группадан турган ырчылардын чоң ансамбли). Музыкалык пейзаж элдин оор абалын, алардын куураган турмушка болгон нааразылыгын баяндайт да, элдин муңайым сезими хордо ырдалат. Операдагы башкы оң каармандар дайыма эл менен тыгыз байланышта болуп, кайгыны да, кубанычты да баштарынан бирге өткөрүшсө, терс образдар элден обочолонгон, журтка каршы, ырайымсыз, каардуу режимдин элесин чагылдырышат. Турмуштагы теңдик эмгекте, жер-сууда экендигин Токтогул акылмандуулук менен ырында кошуп, насияттап төгөт. Мына ушул жерде оркестр күтпөгөн жерден капалануу диалогун ойнойт (Оркестр- бир нече музыкалык аспаптардан турган ансамбль, чыгарманы биргелешип аткаруучу музыканттар). Себеби элге суу жыгып келиш үчүн кеткен кедей Субанды Керимбайдын жигиттери суу талашып, анын кийимдерин тытып, бети-башын айрып, сабап салышкан болот. Субандын кебетесин көргөн, элдин кыжыры кайнап, удургуй баштайт. Ал аңгыча каарын чачкан Керимбай жигиттери, ырчысы Арзымат жана молдосу менен келет да, элди, Токтогулду кекетип: «Жер меники, суу меники» деп музыканын кайырмасында сес көрсөтө баштайт.

Операнын экинчи көрүнүшүндө да элдик сцена кеңири орун алган. Ар бир көрүнүшүндө Токтогул жана эл ажырагыс бирдикте болуп көрүнөт. Операнын музыкасы улам элге жакын жана түшүнүктүү болуп жүрүп отурат. Акындын Арзымат менен айтышы, «Кербез», «Алымкан», «Беш каман» деген сыяктуу элге кеңири белгилүү ырлары операда өз ордун таап, окуянын өтүү шартына, каармандардын мамилесине жараша ылайыкташтыры-лып берилген. Акындын ырларынын көпчүлүгү операнын экинчи көрүнү-шүндө ырдалат. Адам мүнөзүнүн тескери жактары менен куралданган Керимбай, Токтогулду өзүнө тартуу, өз ырчысы кылып алуу максатында «чоң той» өткөрөт. Сүйүктүү калың элдин арасына Токтогул келет да, элдин суроосу боюнча лирикалык «Алымкан» деген ыры ырдалат. Ырдын обону «Кербезди» коштоп, кыз жигиттердин бийине алмашат. Арзымат менен болгон айтышта Токтогул жеңип, Керимбай ага акча жана баалуу кемсел жабат. Далбас урган Керимбайдын сырдуу баш катырмасын ичтен жоруган Токтогул «сыйлыкты» Арзыматка жаап, музыканын толкундуу оркестрдин коштоосундагы темпте эл менен бирдикте кыраан күлкүгө аралашып басып кетет. Кийинки көрүнүштө акындын энеси карылык терең ойго батып, жары Тотуя колуна сайма кармап, Токтогулдун кайгы-муңун бөлүшүп, тар заманга нааразы болуп турушат. Бул жерден операда эне менен келиндин диалогу вокалдык үндө сыбызгыйт жана Тотуянын назик ыры, лирикалык татаал жекече солосу жакшы берилген. Биринчи көрүнүштө угуучулардын эсинде түбөлүккө калган, акындын эл менен жолугушуусун баяндаган тема кайталанат. Токтогул үй-бүлөсү менен толук учурашууга чамасы келе электе, куралданышкан, ичинде кекчил, көксөө Керимбай жана эски Россиянын полковниги баш болгон бир канча жөкөрлөр Токтогулду ак жеринен кармашат. Операда кайрадан акын Токтогул менен коштошууга калың эл-журт келишип, коштошуу хорун ырдашат. Коштошуу хорунда Бурма, Тотуянын кайгылуу вокалдык ырлары да угулат. Үчүнчү көрүнүштө үй-бүлөсүнө жана бир тууган элине кайрылып, келечекке ишенимин билдирген акындын элге жооп ариясы күчтүү сезим менен оркестрде коштолуп ырдалат.

Операдагы ийгиликтердин бири- элдердин достугу. Муну биз төртүнчү көрүнүштө акындын сүргүндөгү турмушунан билебиз. Саясий туткунда Семөндун аялы Валентина орустун белгилүү ыры «Лучинушканы» ырдап, колуна кармаган түйүнчөктөгү ак даамын туткундар менен бөлүшүп жеши, бир чети карапайым элдин боорукерлигин көрсөтсө, экинчиден жалган жерден жапа чеккен ар кайсы улуттагы адамдардын ой-тилектеринин бир экендигин далилдеп турат. Композиторлор бул жерге орустун революциялык «По пыльной дороге» деген ырын чеберчиликте пайдала-нышкан. Туткундар революция жөнүндө сүйлөшүп жатканда, конвойдун началниги кирип келет. Аны алагды кылуу үчүн Токтогул «Кербезимди» комузу менен ырдап кирет. Ал акындын комузун сындырат, мына ушул жерден Токтогулга болушуп Сары өлөт. Ушул чатактан кийин акынды жолдоштору түрмөдөн качырышат. Операда «Токтогулдун качышы» деген музыка-лык антракт оркестрдин ээ жаа бербеген кайрыктары менен коштолот. Сахнада Токтогулдун качышы көрүнбөсө да, бирде тез-тез музыкалык ритм, кээде чарчагандыкты билгизген созулуңку обон, кээде кандайдыр бир себептен кармаламбы дегенсиген коркунучтуу симфониялык картина өкүм сүрөт. Кайгыга кайгы кошулуп, Тотуясы кетип, Топчубайы өлүп, мүңкүрөп турган Бурма энелик күчтүү сезим менен Сибирден келген уулу Токтогулду кучактап жыгылат. Акындын келиши жөнүндөгү кабар элге чагылгандай тез жетип, аны кубанычтуу тосуп алышат. Финалдагы акындын эл менен жолугушуусу музыка менен айкалышып, акындын эркиндик- теңдик үчүн ариясы, элдик ырлардын мүнөзүндө, эмоционал-дуу күчтүү сезимде аткарылган.

Улуу акын жөнүндөгү операны сахнага алып чыгууда, башкы хормейстер С. Юсупов, балетмейстер Н. Холфин, дирижөр А. Жумакматов, режиссөр А. Куттубаев, сүрөтчү А. Арефьев зор чыгармачылык менен эмгектенишкен. Операда улуттук күүлөр менен обондор көп ырдалат. Булар образдардын даана ачылышына, сахнада көрсөтүлүп жаткан окуялардын толук берилишине өзгөчө шарт түзгөн. Токтогул жөнүндөгү темпераменттүү, романтикалык образ угуучуларды өзүнө тартып, толук канагаттандырган. Керимбайдын образы да операда өзгөчөчө курч берилген. Акындын энеси Бурманын жана аялы Тотуянын образдары элдик ырлардын обондордун негизинде жогорку чеберчиликте иштелген. Ошондой эле орус революционери Семөндун образы да угуучулар үчүн үлгүлүү жана кеңири түшүнүктүүлүгү менен операда айырмаланат. Операдагы эл көп катышкан көрүнүштөр музыкалык жактан жакшы иштелген массалуу хорлор болуп эсептелет. Өзгөчө, биринчи сүрөттүн финалындагы элдин каармандыгын баяндаган полифониялык көп үндүү хорлор жана операнын финалындагы элдик ыр эр жүрөктүүлүктү даңазалаган, эркин турмушту кошуп ырдаган жалпы хор авторлор тарабынан жогорку деңгээлде иштелген (Полифония-бир нече обондордон бир убакта айкалышып, үндөшүүсү). «Токтогул» операсынын сахнага коюлушу кыргыздын опералык жана жалпы эле улуттук искусствосунун келечекке, алдыга шилтеген эң чоң кадамдарынын бири болгон.

**Адабияттар**

1. Алагушов Б., Койгелдиева Т., Турдумамбетова Ш. Кыргыз музыка-сынын тарыхынан. –Ф.: Мектеп, 1989.
2. Виноградов В. Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары. –Бишкек: Кыргызстан,1992.
3. Саламатов Т.А., Малдыбаев А. Очерки жизни. -Бишкек: Кыргызстан, 1999.
4. Алагушев Б., Каплан А. Кыргыз операсы. –Ф.: Кыргызстан, 1980.